КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНКЫНЫН

# ЧЕНЕМДИК АКТЫЛАРЫ

## №9/2014

# НОРМАТИВНЫЕ АКТЫ

НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары**

**Редакциялык коллегия:**
Төрайым: Садыркулова А.М.
Коллегия мүчөлөрү: Султанов М.С.
Жаныбекова Ч.А.
Садыкова Н.О.
Жооптуу катчы: Абдиева К.Т.

**Басылманын мазмунуна тиешелөө маселелер боюнча маалымат алуу үчүн:**
Бишкек шаары, Т. Үметалиев атындагы көчө, 101, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын, Юридикалык башкармалыгы:
телефон: (996 312) 45 66 41 телефону
факс: (996 312) 610 730 факсы боюнча кайрылсаңыздар болот
http://www.nbkr.kg

**Басылманы таркатуу маселеси боюнча:**
Бишкек шаары, Т. Үметалиев атындагы көчө, 101, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын, Тышкы жана коомдук байланыштар бөлүмү:
телефон: (996 312) 669 009
факс: (996 312) 610 730
http://www.nbkr.kg

**Республиканын коммерциялык банктарын жана коомчулукту Улуттук банктын ченемдик документтери жана банктын иши жөнүндөгү расмий маалыматтар менен камсыз кылуу, ошондой эле Кыргыз Республикасынын банктык мыйзамдарын кеңири жайылтуу үчүн Улуттук банктын ченемдик актыларын расмий жарыялоо бул басылманын негизги максаты болуп саналат. Басылма айына бир жолу кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланып турат.**

**Уюштуруучусу** - Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде каттоодон өткөн жана 1998-жылдын 5-октябрында 321-номердеги күбелүктү алган.

Жоопкерчилиги чектелген коом «Эдем-принт» басма борборунда даярдалган жана басылып чыгарылган.
Бишкек шаары, Матросов көчөсү, 119/1
2015-жылдын 20-январьда басууга кол коюлган.
2015-жылдын 26-январьда басылган.
185 нускада чыгарылат.

© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2014-жыл.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз басылманы кайсы формада, кайсы каражаттар менен болбосун көчүрүп басууга жана таркатууга жол берилбейт. Кайра басууда жана андан шилтеме келтирүүдө «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары» басылмасына таянуу зарыл.

## Нормативные акты Национального банка Кыргызской Республики

**Редакционная коллегия:**

| | |
|---|---|
| Председатель: | Садыркулова А.М. |
| Члены коллегии: | Султанов М.С. |
| | Жаныбекова Ч.А. |
| | Садыкова Н.О. |
| Ответственный секретарь: | Абдиева К.Т. |


**По вопросам, связанным с содержанием публикаций, обращайтесь по адресу:**
г. Бишкек, ул. Уметалиева, 101, Национальный банк Кыргызской Республики,
Юридический управление:
телефон: (996 312) 45 66 41
факс: (996 312) 610 730
http://www.nbkr.kg

**По вопросам, связанным с распространением публикаций Национального банка Кыргызской Республики, обращайтесь по адресу:**
г. Бишкек, ул. Уметалиева, 101, Национальный банк Кыргызской Республики,
Отдел внешних и общественных связей:
телефон: (996 312) 669 009
факс: (996 312) 610 730
http://www.nbkr.kg

**Целью издания журнала является официальная публикация нормативных актов Национального банка для обеспечения коммерческих банков и общественности нормативными документами Национального банка и официальной информацией о деятельности Национального банка, а также проведение пропаганды банковского законодательства Кыргызской Республики. Предположительная периодичность издания журнала - один раз в месяц на кыргызском и русском языках.**

**Учредитель:** Национальный банк Кыргызской Республики.
Издание зарегистрировано Министерством юстиции Кыргызской Республики, свидетельство о регистрации СМИ № 321 от 5.10.1998 года.

Подготовлено к печати и отпечатано ОсОО «Эдем-принт».
г. Бишкек, ул. Матросова, 119/1.
Подписано в печать 20 января 2015 г.
Отпечатано 26 января 2015 г.
Тираж 185 экз.

© Национальный банк Кыргызской Республики, 2014 год.

Настоящее издание не подлежит воспроизведению и распространению в любой форме и любыми средствами без разрешения Национального банка Кыргызской Республики. При перепечатке и переводе выдержек ссылка на издание «Нормативные акты Национального банка Кыргызской Республики» обязательна.

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары

### *Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету*

Басылма Улуттук банктын өткөн жылдагы иши боюнча толук отчету болуп саналат. Ал Республиканын экономикалык өнүгүшү, Улуттук банктын акчакредит саясаты, финансылык отчету жөнүндө кыскача маалыматтарды, Улуттук банктын ишине тиешелүү жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

### *Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени*

Маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын экономикасына негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү жана анын секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Ай сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

### *Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми*

Басылмада тышкы сектордун өнүгүшүндөгү акыркы тенденциялар чагылдырылат. Тиркемелеринде төлөм теңдеминин нейтралдуу формасы, тышкы соода түзүмү, эларалык камдар (резервдер) тышкы карыз боюнча маалыматтарды камтыган таблицалар келтирилген. Чейрек сайын - январь, май, июль, октябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

### *Кыргыз Республикасында инфляция боюнча баяндама*

Басылмада республикада жана анын региондорунда керектөө бааларынын динамикасы, инфляциянын негизги факторлорун анализдөөлөр, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акчакредит саясат жагында кабыл алган чечимдери жөнүндөгү маалыматтар камтылып, кийинки мезгилге инфляциялык болжолдоолор келтирилет. Чейрек сайын кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат.

### *Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын пресс-релизи*

Улуттук банкта жана бүтүндөй банк тутумунда бир апта ичинде болуп өткөн жаңылыктарды, Улуттук банктын ыкчам маалыматтарын, финансы рыногу боюнча аналитикалык материалдарды жана жалпыга маалымдоо каражаттары, юридикалык жактар жана жеке адамдар үчүн маалыматтарды камтыйт. Апта сайын кыргыз жана орус тилдеринде жарыяланат.

### *Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет*

Басылма Кыргыз Республикасынын финансы системасынын учурдагы абалын экономиканын башка секторлору өз ара байланышта кароого арынышы боюнча аналитикалык маалыматты камтыйт. Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө коомчулукка маалымдайт. Алты айда бир жолу кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

## Издания Национального банка Кыргызской Республики

***Годовой отчет Национального банка Кыргызской Республики***

Издание является полным отчетом Национального банка за прошедший год. Содержит краткую информацию об экономическом развитии республики и денежно-кредитной политике, финансовую отчетность Национального банка, общие сведения о НБКР, статические приложения. Выпускается на трех языках: кыргызском, русском и английском.

***Бюллетень Национального банка Кыргызской Республики***

Информационное издание содержит статические сведения по основным макроэкономическим показателям и секторам экономики Кыргызской Республики. Выпускается на трех языках: кыргызском, русском и английском.

***Платежный баланс Кыргызской Республики***

«Платежный баланс Кыргызской Республики» отражает последние тенденции в развитии внешнего сектора. В приложениях приводятся таблицы с данными по нейтральной форме платежного баланса, структуре внешней торговли, международным резервам, внешнему долгу. Выпускается ежеквартально - в январе, мае, июле, октябре на кыргызском, русском и английском языках.

***Обзор инфляции в Кыргызской Республике***

Издание содержит описание динамики потребительских цен в республике и ее регионах, анализ основных факторов инфляции, информацию о решениях Национального банка Кыргызской Республики в области денежно-кредитной политики и представляет прогноз инфляции на предстоящий период. Публикуется ежеквартально на кыргызском, русском и английском языках.

***Пресс-релиз Национального банка Кыргызской Республики***

«Пресс-релиз НБКР» содержит хронику событий, происходящих в Национаном банке и банковской системе в целом, оперативную информацию НБКР за неделю, аналитические материалы по финансовому рынку и другую информацию к сведению СМИ (средства массовой информации), юридических и физических лиц. Публикуется еженедельно на русском и кыргызском языках.

***Отчет о стабильности финансового сектора Кыргызской Республики***

Издание содержит аналитическую информацию о текущем положении финансовой системы Кыргызской Республики во взаимосвязи с другими секторами экономики. Информирование общественности о стабильности финансового сектора Кыргызской Республики. Выпускается 1 раз в 6 месяцев на трех языках: кыргызском, русском и английском.

## МАЗМУНУ

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын 27-ноябрындагы № 53\8 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтому ............................ 8

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын 27-ноябрындагы № 53\9 "Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтому .................................................................................... 18

3. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын 27-ноябрындагы № 53\10 "Улуттук банк Башкармасынын 2011 жылдын 27 июлундагы № 40/4 "Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берүү тартиби жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө" токтому ........................................................................................ 22

4. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын 27-ноябрындагы № 53\11 ""Улуттук банк Башкармасынын 2012 жылдын 31 октябрындагы № 41/12 "Банктык эсептер, аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер менен иш алып баруу жөнүндө" нускоону бекитүү тууралуу" токтомуна өзгөртүүнү жана толуктоону киргизүү жөнүндө" токтому ................................ 28

5. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын 8-декабрындагы № 54\2 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2014- жылдын 14-ноябрындагы № 50/1 «Банктардын милдеттүү камдарынын күндөлүк минималдуу деңгээли жөнүндө" токтомуна өзгөртүү киргизүү тууралуу" токтому. ........................................................................................ 30

## СОДЕРЖАНИЕ

1. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики “О внесении изменений и дополнений в некоторые постановления Правления Национального банка Кыргызской Республики” от 27 ноября 2014 года № 53/8 .................................. 32

2. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О внесении изменений и дополнений в некоторые постановления Правления Национального банка Кыргызской Республики” от 27 ноября 2014 года № 53/9 ................................ 42

3. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О внесении дополнений и изменений в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении Положения «О порядке выдачи лицензии на право проведения обменных операций с наличной иностранной валютой» от 27 июля 2011 года № 40/4 от 27 ноября 2014 года № 53/10 ........................................................ 46

4. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О внесении изменения и дополнения в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении Инструкции по работе с банковскимим счетами по вкладам (депозитам)» от 31 октября 2012 года № 41/12 от 27 ноября 2014 года № 53/11 ..................... 52

5. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики “О внесении изменения в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики “О еженедельном минимальном уровне обязательных резервов банков” от 14 ноября 2014 года № 50/1» от 8 декабря 2014 года № 54/2 ......................... 54

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**ТОКТОМ**

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2014-ж., 27-ноябрындагы № 53\8**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын төмөнкү токтомдоруна сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор (кошо тиркелет) бекитилсин:
   - *2005-жылдын 18-мартындагы №5/5 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен коммерциялык банктардын, айрым банктык операцияларды жүзөгө ашырган уюмдардын жана алардын уюштуруучуларынын (катышуучулардын) юридикалык жактардын жана жеке адамдардын ортосунда келип чыккан талаш маселелерди сотко чейин жөнгө салуу жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу”;*
   - *2006-жылдын 23-мартындагы №7/5 “Кредиттик союздарга карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу”;*
   - *2005-жылдын 19-майындагы №16/3 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан микрофинансылык уюмдарга карата колдонулуучу эскертүү чаралары жана санкциялар жөнүндө” жобону бекитүү туралуу”;*
   - *2010-жылдын 17-февралындагы №2/3 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актылары жөнүндө”;*
   - *2009-жылдын 23-сентябрындагы №38/3 “Коммерциялык банктарга жана депозиттерди тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компанияларга карата консервация чарасын колдонуу жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу”;*

- *2000-жылдын 30-ноябрындагы №42/1 “Кыргыз Республикасында нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү тартиби жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу”;*
- *2006-жылдын 2-мартындагы №5/7 “Банк ишин лицензиялоо жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу”.*

2. Токтом расмий жарыялангандан он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.
3. Юридика башкармалыгы:
   - *бул токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;*
   - *расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.*
4. Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды, Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкын, алмашуу бюролорун, микрофинансылык уюмдарды, кредиттик союздарды тааныштырсын.
5. Ушул токтомдун аткарылышына контролдукту жүзөгө ашыруу милдети Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары, айым Л.Орозбаевага ыйгарылсын.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

*Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук банк Башкармасынын*
*2014-жылдын «30»- октябрындагы*
*№ 53\8 токтомуна карата*
*Тиркеме*

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын
айрым токтомдоруна өзгөртүүлөр жана толуктоолор

1. Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын 18-мартындагы №5/5 "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен коммерциялык банктардын, банктык операциялардын айрым түрлөрүн жүзөгө ашырышкан уюмдардын жана алардын уюштуруучуларынын (катышуучулардын), юридикалык жактардын жана жеке адамдардын ортосунда келип чыккан талаш маселелерди сотко чейин жөнгө салуу жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

   *жогоруда аталган токтом менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы менен коммерциялык банктардын, банктык операциялардын айрым түрлөрүн жүзөгө ашырышкан уюмдардын жана алардын уюштуруучуларынын (катышуучулардын), юридикалык жактардын жана жеке адамдардын ортосунда келип чыккан талаш маселелерди сотко чейин жөнгө салуу жөнүндө" жобонун:*

- *1.2-пунктунун бешинчи абзацындагы "Тышкы көзөмөл башкармалыгы," сөздөр "Инспектирлөө башкармалыгы," деген сөздөр менен толукталсын;*
- *3.2-пунктунун "з" пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин: "з) апеллянттын кол тамгасы (эгерде апеллянт банк болсо, апелляцияга Башкарманын Төрагасы же Директорлор кеңешинин төрагасы, ал эми алар жок учурда – банктын атынан кол коюу укугуна ээ алардын орун басарлары; эгерде банк-резидент эместин филиалы болсо - филиалдын жетекчиси, ал жок учурда – филиалдын атынан кол коюу укугуна ээ анын орун басары; эгерде юридикалык жак болсо – анын жетекчиси, ал жок учурда юридикалык жактын атынан кол коюу укугуна ээ жетекчинин орун басары кол коюуга укуктуу).";*
- *5.1-пунктундагы "банктык көзөмөл" деген сөздөр "көзөмөл блогу" дегенге алмаштырылсын;*
- *8.7-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:*

*8. "8.7. Улуттук банк апелляնттан таасир этүү чаралары-*

*нын колдонулушуна тиешелүү нааразычылыгын билдирген катын алгандан кийинки 20 жумуш күнү ичинде, Улуттук банк Башкармасы төмөнкү чечимдердин бирин кабыл алат:*

1) *Улуттук банк Башкармасынын мурда кабыл алынган чечимдерин толугу менен алардын бөлүгүн алып салуу жөнүндө;*
2) *Улуттук банк Башкармасынын мурда кабыл алган чечимдерин өзгөртүү жөнүндө;*
3) *Улуттук банк Башкармасынын мурда кабыл алган чечимдерин күчүндө калтыруу жөнүндө.*

*Улуттук банк Башкармасынын чечими аны кабыл алган күндөн тартып 3 жумуш күнү ичинде апеллянтка маалымдалууга тийиш.".*

2. Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын 23-мартындагы №7/5 "Кредиттик союздарга карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:
жогоруда аталган токтом менен бекитилген "Кредиттик союздарга карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө" жобонун:

- *бүтүндөй тексти боюнча кездешип калышын мүмкүн болгон "КРУБ» деген аббревиатуралар, тиеешлүү жөндөмөдөгү "Улуттук банк" деген сөздөргө алмаштырылсын;*
- *1.2-пунктунун "Кредиттик союздарга карата" деген сөздөр ", анын ичинде ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган" деген сөздөр менен толукталсын;";*
- *1.4-пункту төмөнкү мазмундагы бешинчи абзац менен толукталсын:*
  *" - Шариат стандарттарына ылайык келбеген операцияларды жүргүзүү (ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган кредиттик союздар үчүн);";*
- *2.1-пунктунун "г" пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:*
  *"г) кредиттик союздун бардык же айрым кызмат адамдарын алмаштыруу же убактылуу четтетүү жөнүндө талап коюу;";*
- *2.2-пунктундагы "пунктчаларда көрсөтүлгөн" деген сөздөр "б)," тамгасы менен толукталсын;*
- *- төмөнкү мазмундагы 2.5-1-пункт менен толукталсын:*

*“2.5-1. Улуттук банктын областтык башкармалыктары жана Баткен областындагы өкүлчүлүгү Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитетинин отурумуна документтердин долбоорлорун даярдайт жана андан ары Көзөмөл боюнча комитеттин кароосуна сунуштоо үчүн аларды Улуттук банктын көзөмөл блогунун тиешелүү түзүмдүк бөлүмүнө жөнөтөт:*

- *Тышкы көзөмөл башкармалыгына – тышкы көзөмөлдүн жана инспектордук текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдүн, талаптардын/жазма буйруктардын аткарылышына мониторинг жүргүзүүнүн алкагында кемчиликтерге жол берилгендиги фактылары аныкталган учурда;*
- *Инспектирлөө башкармалыгына – инспектордук текшерүүлөрдүн жүрүшүндө кемчиликтерге жол берилгендиги фактылары аныкталган учурда;*
- *Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгына – лицензиялоо маселелери боюнча мыйзам талаптарын бузууга жол бергендиги фактылары аныкталган учурда.”;*
- *2.8-пункттагы “(мындан ары – ыйгарым укуктуу жак)” деген сөздөрдөн кийинки “жана Улуттук банктын Баткен областындагы өкүлчүлүгүнүн директору” деген сөздөр алынып салынсын;*
- *3-главанын аталышы төмөнкү редакцияда берилсин:*
  *“3. Таасир этүү чараларын колдонуу”;*
- *3.3-пунк төмөнкү мазмундагы алтынчы абзац менен толукталсын:*
  *“ - Шариат стандарттарына ылайык келбеген операцияларды жүргүзүү (ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган кредиттик союздар үчүн);”;*
- *3.4-пункттун биринчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:*
  *“3.4 Кредиттик союздун бардык же айрым кызмат адамдарын алмаштыруу же убактылуу четтетүү жөнүндө талап Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети тарабынан кабыл алынат. Кредиттик союздун бардык же айрым кызмат адамдарын алмаштыруу же убактылуу четтетүү үчүн негиз болуп төмөнкүлөр саналат:”;*
  *төртүнчү абзацтагы “атайылап” деген сөз алынып салынсын;*
  *төмөнкү мазмундагы бешинчи абзац менен толукталсын:*
  *“ - кызматтык милдеттерин аткаруусуна байланыштуу*

*кредиттик союздун кызмат адамына карата кылмыш ишин козгоо (экономикалык жана кызматтык ишинде кылмыштуулукка жол бергендиги боюнча);”;*

- *3.5-пунктундагы “белгиленген экономикалык ченемдердин” деген сөздөр “, ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүргүзүүдө Шариат стандарттарын,” деген сөздөр менен толуктасын;*
- *3.7-пункттун:*
  *биринчи абзацындагы “үч айга чейинки мөөнөткө” деген сөздөр алынып салынсын;*
  *төртүнчү абзацындагы “атайылап” деген сөз алынып салынсын;*
- *3.8-пунктунун тогузунчу абзацындагы “кредиттер” деген сөздөр төмөнкү мазмундагы сүйлөм менен толуктасын:*
  *“(ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган кредиттик союздар үчүн – анын шарттары боюнча акча каражаттары сунушталган бүтүмдөр)”;*
- *3.10-пункт төмөнкү редакцияда берилсин:*
  *“3.10. Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитети лицензияны кайтарып алуу чечимин кабыл алгандан кийинки үч күн ичинде кредиттик союз лицензиялардын (кошумча лицензияны кошо алганда) түп нускасын Улуттук банкка тапшырууга милдеттүү, ал эми бир ай ичинде соттук эмес тартипте жоюу жол-жобосу башталууга тийиш.”.*

3. Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын 19-майындагы №16/3 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан микрофинансылык уюмдарга карата колдонулуучу эскертүү чаралары жана санкциялар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

   *жогоруда аталган токтом менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан микрофинансылык уюмдарга карата колдонулуучу эскертүү чаралары жана санкциялар жөнүндө” жобонун:*

- *бүтүндөй тексти боюнча кездешип калышы мүмкүн болгон “КРУБ» деген аббревиатуралар, тиешелүү жөндөмөдөгү “Улуттук банк” деген сөздөргө алмаштырылсын;*
- *1.2-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:*
  *“1.2. Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасындагы микрофинансылык уюмдар жөнүндө» мыйзамына ылайык, Улуттук банктын лицензиясынын жана/же каттоодон*

*өткөндүгү жөнүндө күбөлүктүн (мындан ары текст боюнча “лицензия”) негизинде иш алып барган микрофинансылык уюмдарга (мындан ары текст боюнча “МФУ”) жана алардын кызмат адамдарына карата Улуттук банктын (мындан ары текст боюнча Улуттук банк) эскертүү чараларын жана санкцияларды колдонуу тартибин белгилөө ушул жобонун максаты болуп саналат.”;*

- *2.1-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:*
  *“2.1. Бул Жободо МКА жана МККларга, алардын кызмат адамдарына карата колдонулуучу төмөнкүдөй эскертүү чаралары жана санкциялар аныкталган:*
  - *эскертүү;*
  - *жазма буйрук;*
  - *кызмат адамдарынан акчалай айыптык төлөм өндүрүү;*
  - *дивиденддерди чегерүүнү жана төлөөнү кошо алганда, операциялардын жана бүтүмдөрдүн айрым түрлөрүн жүзөгө ашырууга чектөөлөрдү киргизүү;*
  - *карыздык милдеттенмелерди сатуу жана сатып алуу боюнча банк операцияларын (факторинг) жүзөгө ашыруу укугуна лицензияны кайтарып алуу;*
  - *каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүктү кайтарып алуу.”;*

  *2.2 -пунктунун он биринчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:*
  *“ – операциялардын, бүтүмдөрдүн айрым түрлөрүн жүргүзүүгө, дивиденддерди чегерүүнү жана төлөөнү кошо алганда, чегерүүлөрдү жана төлөөлөрдү токтотуу, чектөө же аларга тыюу салуу;”;*
- *2.3-пунктунун онунчу абзацындагы “МФУлардын чыгымдарынын өлчөмдөрү” деген сөздөр “, анын ичинде потенциалдуу чыгымдар” деген сөздөр менен толукталсын;*
- *3.2-пунктунун экинчи абзацындагы “айрым операциялар” деген сөз “, бүтүмдөр, чегерүүлөр жана төлөөлөр” деген сөздөр менен толукталсын;*
- *төмөнкү мазмундагы 3.2-1-пункт менен толукталсын:*
  *“3.2-1. Улуттук банктын областтык башкармалыктары жана Баткен областындагы өкүлчүлүгү Улуттук банктын Көзөмөл боюнча комитетинин отурумуна документтердин долбоорлорун даярдайт жана андан ары Көзөмөл боюнча комитеттин кароосуна сунуштоо үчүн аларды Улуттук банктын көзөмөл блогунун тиешелүү түзүмдүк бөлүмүнө жөнөтөт:*

- *Тышкы көзөмөл башкармалыгына – тышкы көзөмөлдүн жана инспектордук текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча сунуш-көрсөтмөлөрдүн, талаптардын/жазма буйруктардын аткарылышына мониторинг жүргүзүүнүн алкагында кемчиликтерге жол берилгендиги фактылары аныкталган учурда;*
- *Инспектирлөө башкармалыгына – инспектордук текшерүүлөрдүн жүрүшүндө кемчиликтерге жол берилгендиги фактылары аныкталган учурда;*
- *Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгына – лицензиялоо маселелери боюнча мыйзам талаптарын бузууга жол бергендиги фактылары аныкталган учурда.”;*
- *3.7-пунктунун төртүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:*

  *“ – Жогоруда белгиленген операцияларды жүргүзүүгө байланыштуу келип чыккан кемчиликтерди четтетүү максатында Улуттук банктын сунуш-көрсөтмөлөрү, жазма буйруктары жана/же башка талаптары сакталбаган учурда”;*
- *3.8-пунктунун үчүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:*

  *“ - МКА/МККлар тарабынан Улуттук банктын сунуш-көрсөтмөлөрү, жазма буйруктары жана/же башка талаптары дайыма (эки же андан көп жолу) сакталбаган учурда;”;*
- *4.3-пункттун жетинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:*

  *“ – операциялардын, бүтүмдөрдүн айрым түрлөрүн, чегерүүлөрдү жана төлөөлөрдү токтотуу, чектөө же аларга тыюу салуу;”;*

  *ушул пункт төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:*

  *“ – МФКнын ишин тескөө боюнча убактылуу жетекчиликти киргизүү.”;*
- *4.4-пункт күчүн жоготкон катары таанылсын;*
- *4.9-пункттагы:*

  *“кат жүзүндөгү келишим”, “келишим” деген сөздөр тиешелүү жөндөмөдөгү “милдеттенме-кат” дегенге алмаштырылсын;*

  *бешинчи абзацтын экинчи жана үчүнчү сүйлөмдөрү төмөнкү редакцияда берилсин:*

  *“Милдеттенме-кат МФК тарабынан даярдалып, макулдашуу үчүн Улуттук банкка жөнөтүлөт, ага бир тараптан МФКнын Директорлор кеңеши, экинчи тараптан -*

*Улуттук банктын Төрагасынын көзөмөл блогунун ишин түздөн-түз тескөөгө алган орун басары кол коюшат. Милдеттенме-катта МФКнын орун алган кемчиликтерди четтетүү жана финансылык абалды жакшыртуу боюнча иш-чаралар планы камтылууга тийиш.”;*

- *4.11-пункттун:*
  *биринчи абзацынын экинчи сүйлөмүндөгү “талап кылынган деңгээлге чейин” деген сөздөр “айкын аткаруу мөөнөттөрүн көрсөтүү менен” деген сөздөр менен толукталсын;*
  *биринчи абзацтын үчүнчү сүйлөмү алынып салынсын;*
- *4.16-пунктунун төртүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:*
  *“ - МФК Улуттук банктын сунуш-көрсөтмөлөрүн, жазма буйруктарын жана/же башка эскертүү чараларын жана санкцияларын сактабагандыгы менен;”;*
- *жобого карата 1-тиркеменин бүтүндөй тексти боюнча кездешкен “МФК” аббревиатурасы “МФУга” алмаштырылсын.*

4. Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын 17-февралындагы №2/3 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актылары жөнүндө” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:
   *жогоруда аталган токтом менен бекитилген “Консолидацияланган көзөмөлдүк жөнүндө” жобонун:*
   - *61-пунктундагы «105» деген сан «180» деген санга алмаштырылсын.*

5. Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 23-сентябрындагы №38/3 «Коммерциялык банктарга жана депозиттерди тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компанияларга карата консервация чарасын колдонуу жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:
   *жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Коммерциялык банктарга жана депозиттерди тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компанияларга карата консервация чарасын колдонуу жөнүндө « жобонун:*
   - *1.1- пунктундагы:*
     *“Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы жана депозиттерди тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компаниялар” деген сөздөр “Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкы, депозит-*

*терди тартуу менен иш алып барган микрофинансылык компаниялар жана өз катышуучуларынан депозиттерди тартуу укугуна лицензияга ээ кредиттик союздар" деген-ге алмаштырылсын.*

6. Улуттук банк Башкармасынын 2000-жылдын 30-ноябрында-гы №42/1 "Кыргыз Республикасында нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү тартиби жөнүндө" жобону бекитүү туралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү кир-гизилсин:

   *жогоруда аталган токтом менен бекитилген "Кыргыз Республикасында нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү тартиби жөнүндө " жобонун:*

   - \- *7.6 -пунктунун биринчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:*

   *"7.6. Нак чет өлкө валютасы менен ишке ашырылган ал-машуу операциялары боюнча такталбаган маалыматтар берилген учурда,  нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү тартибин, ошондой эле ыйга-рым укуктуу банктардын, микрофинансылык жана микро-кредиттик компаниялардын, кредиттик союздардын жана алмашуу бюролорунун (пункттардын) ишин жөнгө салган ченемдик документтердин башка талаптарын бузууга жол берүүлөр аныкталган учурда Улуттук банк төмөнкүлөргө укуктуу".*

7. Улуттук банк Башкармасынын 2006-жылдын 2-мартындагы №5/7 "Банк ишин лицензиялоо жөнүндө» жобону бекитүү туу-ралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөргөртүү киргизилсин:

   *жогоруда аталган токтом менен бекитилген "Банк ишин лицензиялоо жөнүндө" жобонун:*

   - *11.2-пунктунун 3)-пунктчасынын "ж" абзацынын бешинчи абзацындагы "105" деген сан "180" деген санга алмашты-рылсын.*

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**ТОКТОМ**

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2014-ж., 27-ноябрындагы № 53\9**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдорунаөзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. 1. Улуттук банк Башкармасынын төмөнкү токтомдоруна сунуш кылынган өзгөртүүлөр жана толукто-олор бекитилсин:
   - *2004-жылдын 21-июлундагы №18/1 “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктар жана финансы-кредит мекемелери милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык ченемдер жана талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу”;*
   - *2004-жылдын 15-сентябрындагы №24/4 “Кредиттөөдөгү чектөөлөр жөнүндө” нускоонун жаңы редакциясы тууралуу”;*
   - *2014-жылдын 30-майындагы №24/8 “Микрокаржылоо компаниялары тарабынан ачык валюта позицияларынын лимиттеринин сакталышы тартиби жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу”.*
2. Токтом расмий жарыялангандан он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.
3. Юридика башкармалыгы:
   - *бул токтомдун Улуттук банктын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;*
   - *расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.*
4. Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы ушул токтом менен коммерциялык банктарды, Кыргыз Респу-

бликасынын Мамлекеттик өнүктүрүү банкын, микрокаржылоо компанияларын, Микрокаржылоо уюмдар ассоциациясын, Улуттук банктын областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

5. Ушул токтомдун аткарылышына контролдукту жүзөгө ашыруу милдети Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары, айым Л. Орозбаевага ыйгарылсын.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

*Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын 27ноябрындагы№53\9токтомуна карата тиркеме*

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын айрым токтомдоруна өзгөртүүлөр жана толуктоолор

1. Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 21-июлундагы №18/1 "Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктар жана финансы-кредит мекемелери милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык ченемдер жана талаптар жөнүндө" жобону бекитүү тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй толуктоо киргизилсин:

   *жогоруда аталган токтом менен бекитилген "Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык ченемдер жана талаптар жөнүндө" жобонун:*

   - *2.4-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:*

     *«2.4. Банк менен байланыштуу бир карыз алуучуга тобокелдиктин максималдуу өлчөмүн эсептөө тартиби "Кредиттөөдөгү чектөөлөр жөнүндө" нускоонун 6-бөлүгүнө ((1)-эскертүүнү карагыла) жана "Банктардын инсайдерлер жана аффилирленген жактар менен операцияларына карата талаптар жөнүндө" нускоого ((2)-эскертүүнү карагыла) ылайык аныкталат.».*

2. Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 15-сентябрындагы №24/4 "Кредиттөөдөгү чектөөлөр жөнүндө" нускоонун жаңы редакциясы тууралуу" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү жана толуктоо киргизилсин:

   *жогоруда аталган токтом менен бекитилген "Кредиттөөдөгү чектөөлөр жөнүндө" нускоонун:*

   *6.2.-пунктунун:*

   - *бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:*

     *«- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары контролдоочу жак же олуттуу катышуучу болгон учурларды эске албаганда, алар эң аз дегенде бир контролдоочу жакка же олуттуу катышуучуга ээ;»;*

   - *тогузунчу абзацтагы "үчүнчү жактын (банк тарабынан бул үчүнчү жакка карата талап коюлганбы же коюлган эмеспи, ага карабастан) тике пайдасы үчүн колдонулса" деген сөздөр ", Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынан тышкары," деген сөздөр менен толукталсын.*

3. Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын 30-майындагы №24/8 “Микрокаржылоо компаниялары тарабынан ачык валюта позицияларынын лимиттеринин сакталышы тартиби жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү жана толуктоо киргизилсин:

   *жогоруда аталган токтом менен бекитилген “Микрокаржылоо компаниялары тарабынан ачык валюта позицияларынын лимиттеринин сакталышы тартиби жөнүндө» нускоонун:*

- *9.-пункту күчүн жоготкон катары таанылсын;*
- *15 жана 16-пункттардагы “Мөөнөттүү” деген сөз “Улуттук банк тарабынан берилген лицензиянын негизинде чет өлкө валюталарында операцияларды жүзөгө ашырышкан жана мөөнөттүү” деген сөздөргө алмаштырылсын.*

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**ТОКТОМ**

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2014-ж., 27-ноябрындагы № 53\10**

## Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын 27-июлундагы №40/4 “Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берүү тартиби жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу” токтомуна өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын 27-июлундагы №40/4 “Нак чет өлкө ва-лютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берүү тартиби жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу” токтомуна сунушталган өзгөртүүлөр жана толуктоолор (кошо тиркелет) беки-тилсин.
2. Юридика башкармалыгы:
   - *бул токтомдун Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;*
   - *расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.*
3. Көзөмөл методологиясы жана лицензиялоо башкармалыгы бул токтом менен алмашуу бюролорун тааныштырсын.
4. Токтом расмий жарыялангандан он беш күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.
5. Ушул токтомдун аткарылышына контролдукту жүзөгө ашыруу милдети Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Төрагасынын орун басары, айым Л.Орозбаевага ыйгарылсын.

**Төрага** **Т. Абдыгулов**

*Кыргыз Республикасынын*
*Улуттук банк Башкармасынын*
*2014-жылдын 27ноябрындагы*
*№ 53\10 токтомуна карата*
*Тиркеме*

Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын 27-июлундагы №40/4 “Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берүү тартиби жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу” токтомуна өзгөртүүлөр жана толуктоолор

Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын 27-июлундагы №40/4 “Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берүү тартиби жөнүндө” жобону бекитүү тууралуу” токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилсин:

*жогоруда аталган токтом менен бекитилген “Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берүү тартиби жөнүндө” жобонун:*

- *9-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:*

*«9. Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия алуу жана алмашуу бюросун каттоодон өткөртүүнү макулдашуу үчүн Улуттук банкка төмөнкү документтер сунушталат:*

*а) нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүүгө лицензия берүү жөнүндө өтүнүч кат (2-тиркеме);*

*б) алмашуу бюросунун жүгүртүү каражаттарынын булактары жөнүндө маалыматтар (8-1-тиркеме);*

*в) өтүнүч кат ээсинин мамлекеттик каттоодон өткөндүгү жөнүндө күбөлүгүнүн көчүрмөсү;*

*г) уюштуруу документтери;*

*д) уставга ылайык, ыйгарым укуктуу юридикалык жактын башкаруу органынын алмашуу бюросун ачуу жөнүндө чечими;*

*е) алмашуу бюросунун жетекчисин дайындоо жөнүндө чечим;*

*ж) юридикалык жактын жетекчисин дайындоо жөнүндө чечим;*

*з) өтүнүч катты берүү күнүнө карата өтүнүч кат ээсинин коммерциялык банктагы эсебинде улуттук валютадагы жүгүртүү акча каражаттары 1 000 000 (бир миллион) сомдон же өтүнүч катты берүү күнүнө карата Улуттук банктын расмий курсу боюнча чет өлкө валютасындагы*

*эквиваленттүү суммадан кем эмес сумманын бар экендигин тастыктаган коммерциялык банктын маалымкаты;*

*и) салык органдарынын төмөнкүдөй бирдиктүү маалымкаты:*

- *документтерди тапшыруу учурунда бюджет алдында карызынын жок экендиги тууралуу;*
- *контролдук-кассалык машина каттоодон өткөртүлгөндүгү жөнүндө (3-тиркеме);*

*к) өтүнүч кат ээсинин мөөрү менен күбөлөндүрүлгөн, алмашуу бюросу жайгашкан жерди идентификациялоого мүмкүндүк берген маалыматтар камтылган ижара келишиминин же алмашуу бюросу жайгашкан жайга менчик укугун тастыктоо каралган документтердин көчүрмөлөрү;*

*л) нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүүдө терроризмди (экстремизмди) каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча ички контролдук эрежелеринин сакталышы үчүн жоопкерчиликтүү кызмат адамын дайындоо жөнүндө буйрук.*

Лицензияны кайра каттоодон өткөртүү учурунда жогоруда аталган документтер менен биргеликте, иштеп жаткан алмашуу бюросунун күн сайын берилүүчү отчетун 7-тиркемеге ылайык сунуштоо келишими түзүлгөн банктын же башка юридикалык жактын кошумча маалымкаты сунушталат.»;

- *44-пунктундагы:*

*12)-пунктча төмөнкү редакцияда берилсин:*

*«12) акыркы үч жыл ичинде мыйзам талаптарын жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын, анын ичинде терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндө мыйзам бузууга жол берилгендиги үчүн нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензиясы кайтарылып алынган өтүнүч кат ээсинин жана/же анын кайсы болбосун катышуучусунун кайталап кайрылуусу (анын ичинде жаңы юридикалык жакты түзүү же башка юридикалык жактын уставдык капиталында катышуу аркылуу);»;*

*төмөнкү мазмундагы 13 жана 14-пунктча менен толукталсын:*

*«13. нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүүгө жүгүртүү акча каражаттарын алуу булактары тууралуу маалыматтын ачык чечмеленип берилбеши;*

*14. акча каражаттарын алуу булактары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келгендиги белгиленсе.”;*

- *49-пунктунун 1-пунктчасы төмөнкү редакцияда берилсин:*

*«1) Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларын кошо алганда, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, анын ичинде терроризмди каржылоого жана кылмыш жолу менен алынган кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндө мыйзам талаптарынын сакталбашы;»;*

- *2-тиркеме төмөнкү редакцияда берилсин:*

*“Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берүү тартиби жөнүндө” жобого карата 2-тиркеме*

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы

______________________________________

(юридикалык жактын аталышы жана дареги)

_________________________________________

ӨТҮНҮЧ КАТ

Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берүүнү жана алмашуу бюросун каттоодон өткөртүүнү өтүнөм.

1. Алмашуу бюросунун дареги: ___________________________
   ________________________________________________
2. Алмашуубюросунунжетекчиси:___________________________
   ________________________________________________
3. Алмашуубюросунунтелефонномери:______________________
   ________________________________________________

электрондук дареги: ________________________________

4. Байланыш телефону _________________________________
5. Алмашуу бюросунун кызматкерлери тууралуу маалымат (нак чет өлкө валютасын алмаштыруу боюнча операцияларына катышкан)

| Катар № | Аты-жөнү | Паспортунун сериясынын № | Паспорт берген орган | Берилген күнү | Жашаган жери |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | |
| 2 | | | | | |
| 3 | | | | | |

Лицензия алуу үчүн зарыл документтер кошо тиркелет.

Улуттук банктын алмашуу бюролордун ишин жөнгө салган ченемдик укуктук актылары менен тааныштык.

Өтүнүч катта көрсөтүлгөн маалыматтардын аныктыгын жана так экендигин тастыктайбыз

Күнү.

Юридикалык жактын жетекчисинин кол тамгасы

Юридикалык жактын мөөрү.»;

- 4, 8 жана 9-тиркемелер күчүн жоготкон катары таанылсын;
- Жобо төмөнкү мазмундагы 8-1-тиркеме менен толукталсын:

*“Нак чет өлкө валютасы менен алмашуу операцияларын жүргүзүү укугуна лицензия берүү тартиби жөнүндө” жобого карата 8-1-тиркеме*

Юридикалык жактар жана жеке адамдар тарабынан сунушталуучу алмашуу бюросунун жүгүртүү каражаттарынын келип чыгуу булактары камтылган документтердин болжолдуу тизмеги:

1) *Юридикалык жактар:*
- *Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органдары тарабынан күбөлөндүрүлгөн бухгалтердик баланстын, кирешe жана чыгаша боюнча отчеттордун көчүрмөлөрү же;*
- *өтүнүч кат ээси тарабынан күбөлөндүрүлгөн финансылык отчеттун, декларациянын же анын финансылык абалы тууралу башка документтердин көчүрмөлөрү;*
- *аудитордук корутундунун көчүрмөсү (эгерде бул талап мыйзамда белгиленген болсо);*

2) *Жеке адамдар – маалымкаттар, декларациялар, сатып алуу-сатуу/тартуулоо келишимдери, акча-каражаттарды, мүлктү ж.б. мурастап алуу укуктары.*
3) *алмашуу бюросунун жүгүртүү каражаттарынын Кыргыз Республикасынын мыйзам актылары тарабынан тыюу салынбаган келип чыгуу булактарын тастыктаган башка документтер.*

Улуттук банкка ушул жобого ылайык сунушталуучу жана бирден көп барактан турган документтердин ар бир бети өз-өзүнчө болууга, номер коюлууга, тигилүүгө, тиешелүү түрдө кол тамга коюлууга жана күбөлөндүрүлүүгө тийиш, документтерди басмакана ыкмасында басылып чыккан китепче түрүндө да сунуштаса болот.

Чет тилинде сунушталуучу документтер же алардын көчүрмөлөрү кыргыз жана/же орус тилдерине которулуп, белгиленген тартипте күбөлөндүрүлүүгө тийиш.”.

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**ТОКТОМ**

**Бишкек ш., Үметалиев көч., 101**
**2014-ж., 27-ноябрындагы № 53\11**

## Улуттук банк Башкармасынын 2012-жылдын 31-октябрындагы №41/12 “Банктык эсептер, аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер менен иш алып баруу жөнүндө” нускоону бекитүү тууралуу” токтомуна өзгөртүүнү жана толуктоону киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” мыйзамынын 7 жана 43-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

